**Аллах бейиш менен тозокту жаратканда Жеибрейил периштени бейишке жөнөтүп: «Бейишке көз салып көр, мен ал үчүн эмнелерди гана даярдаганымды кара» - деди. Жебирейил periште бейишти көрүп чыгып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, аны ким гана уккан болсо, анда ага сөзсүз аракет кылып кирет" - деди. Ошондо Аллах бейишти кыйынчылыктар менен курчоого буйруду. Анан Жебирейил периштеге: «Бейишке баргын да, бейишти жана Мен анда анын эли үчүн эмнелерди даярдап койгонумду карагын» - деп жөнөттү. Жебирейил периште бейишке келип караса, анын айланасы кыйынчылыктар менен курчалган экен. Жебирейил периште Раббисине келип мындай деп айтты: «Сенин кудуретиңе ант болсун, ага эч ким кире албайтко деп корктум». Аллах ага: «Сен баргын да, тозокту жана анын эли үчүн эмнени даярдап койгонумду көр» - деп буйруду. Периште тозокко барып караса, алар биринин алоолонгон отунан экинчисинин оту өйдө болуп жанып жаткан экен, анан кайра кайтып келип: «Сенин улуулугуңа ант болсун, ага эч ким кирбейт» – деп айтат. Ошондо Аллах аны азгырыктар менен курчоого**

**буйруйт. Анан Жебирейилге: «Артка кайтып барып, аны кайрадан карагын» - деп кайра карап келүүгө буйруйт. Жебиреийл периште барып караса, анын айланасы азгырыктар менен курчалган болот. Ал Аллахка кайтып барып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, мен андан эч ким кутула албайт деп коркуп турам» - деп айтат**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Аллах бейиш менен тозокту жаратканда Жеибрейил периштени бейишке жөнөтүп: «Бейишке көз салып көр, мен ал үчүн эмнелерди гана даярдаганымды кара» - деди. Жебирейил периште бейишти көрүп чыгып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, аны ким гана уккан болсо, анда ага сөзсүз аракет кылып кирет" - деди. Ошондо Аллах бейишти кыйынчылыктар менен курчоого буйруду. Анан Жебирейил периштеге: «Бейишке баргын да, бейишти жана Мен анда анын эли үчүн эмнелерди даярдап койгонумду карагын» - деп жөнөттү. Жебирейил периште бейишке келип караса, анын айланасы кыйынчылыктар менен курчалган экен. Жебирейил периште Раббисине келип мындай деп айтты: «Сенин кудуретиңе ант болсун, ага эч ким кире албайтко деп корктум». Аллах ага: «Сен баргын да, тозокту жана анын эли үчүн эмнени даярдап койгонумду көр» - деп буйруду. Периште тозокко барып караса, алар биринин алоолонгон отунан экинчисинин оту өйдө болуп жанып жаткан экен, анан кайра кайтып келип: «Сенин улуулугуңа ант болсун, ага эч ким кирбейт» – деп айтат. Ошондо Аллах аны азгырыктар менен курчоого буйруйт. Анан Жебирейилге: «Артка кайтып барып, аны кайрадан карагын» - деп кайра карап келүүгө буйруйт. Жебиреийл периште барып караса, анын айланасы азгырыктар менен курчалган болот. Ал Аллахка кайтып барып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, мен андан эч ким кутула албайт деп коркуп турам» - деп айтат».

[Хасан (жакшы)] [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана ан-Насааи жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: Аллах бейиш менен тозокту жаратканда Жебирейил, алайхис саламга: «Бейишке бар да аны карап келгин» - деп айтты. Ошондо ал барып, аны карап, анан кайра кайтып келди. Жебирейил айтты: «Оо, Раббим, Сенин улуулугуңа ант болсун! Ким болбосун анда (бейиш) кандай жыргалчылык, сый-урмат жана ырыскы бар экенин уга турган болсо, анда ал ага кирүүнү көксөп калат жана ал жанын бергиче аракетин кылат». Андан кийин Аллах бейишти курчап, аны буйруктарды аткаруунун жана арамдардан сактануунун кыйынчылыктары менен курчап койду. Ага кирүүнү каалагандар ошол кыйынчылыктардан өтүшү керек. Бейиш кыйынчылыктар менен курчалгандан кийин Аллах Таала: «Эй, Жебирейил! Баргын, бейишти кайрадан карап келгин» - деп айтты. Ошентип, ал барып, аны карап келип: «Оо, Раббим, Сенин улуулугуңа ант болсун! Мен анын жолунда турган кыйынчылыктар себептүү эч ким ага кирбей калатко деп

корком» - деп айтты. Аллах тозокту жаратканда: «Эй, Жебирейил! Бар да, тозокко көз салып кел» - деп айтканда Жебирейил тозокко барып көрүп келди. Анан келип, Жебирейил айтты: «Оо, Раббим, Сенин улуулугуңа ант болсун! Ким гана болбосун андагы азап, кайгы жана кордукту уккан болсо, анда ал жерге түшүүнү жек көрүп жана анын түшүрүүчү себептеринен алыс болот. Ошондо Улуу Аллах Таала тозокко алып баруучу жолдорду азгырыктар жана ырахаттар менен курчап: «Эй, Жебирейил, кайрадан барып кара» - деди. Жебирейил периште барып, аны карап, анан келип: «Оо, Раббим, Сенин кудуретиңе ант болсун! Анын айланасындагы курчалган азгырыктар жана ырахаттарды көрүп мен андан эч ким качып кутула албайт деп корктум» - деди.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65034

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee